❖ .**Тапшыруунун шарттары:**

**Адистиктерге тапшыруу үчүн Жалпы республикалык тестин жыйынтыгы каралат:**

- **“Кыргыз тили жана адабияты”, (күндүзгү окуу бөлүмү 4 жыл) (сырттан окуу бөлүмү 5 жыл)**
- **“Орус тили жана адабияты”** адистиктерине, негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча тандоо сабагы боюнча **60 баллдан жогоруу**
- **(күндүзгү окуу бөлүмү 4 жыл)**
- **(сырттан окуу бөлүмү 5 жыл)**

❖ **“Адабий чыгармачылык”** адистигине, **(ЖРТ) Жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы талап кылынбайт,** абитуриент дил баяндын жыйынтыгы менен кабыл алынат
**(күндүзгү окуу бөлүмү 5 жыл)**

❖ **“Англис тили жана адабияты”**адистигине негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча тандоо сабагы боюнча **60 баллдан жогоруу**
**(күндүзгү окуу бөлүмү 4 жыл)**

❖ **“Немис тили жана адабияты”**адистигине негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча тандоо сабагы боюнча **60 баллдан жогоруу**
**(күндүзгү окуу бөлүмү 4 жыл)**

❖ **“Кытай тили жана адабияты”**адистигине негизги тест **110 баллдан** жогору жана кошумча тандоо сабагы боюнча **60 баллдан жогоруу**

❖ **(күндүзгү окуу бөлүмү 4 жыл)**

**КОНТРАКТ:**
Бакалавр- 23100 с.(күндүзгү) - 4 жыл,
(сырттан) - 5 жыл-20900с.
Магистратура - 35000 с.,
(күндүзгү) - 2 жыл (сырттан) - 3 жыл

**Байланыш контакттары:**
Нарын шаары, Сагынбай Орозбак №25.
Тел: (03522) 5-08-14;
0709 797976; 0705029587.

# С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

.

## Филология факультети

## «Кыргыз жана орус тилдери» кафедрасы

## «Чет-тилдер» кафедрасы

## Абитуриент 2025



## С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин миссиясы:

Республиканын социалдык- экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо үчүн, ылдам өзгөрүп жаткан дүйнөдө кесиптик ишмердүүлүк жүргүзүү жана коомдук адептик, маданий, илимий баалуулуктарын илгерилетүүгө жөндөмдүү, компетенттүү адисти даярдоо.

### Филология факультети


Кыргыз жана орус тилдери кафедрасы университеттин алгачкы кафедраларынын бири.Бул кафедра 1996-жылы “Кырыгыз тили жана адабиты” , “Орус тили жана адабияты” эки башка кафедра болгон. 2022-2023- окуу жылынан тартып университеттин бөлүмдөрүн убактылуу оптималдаштыруунун негизинде 2022-жылдын сентябрь айынан тартып “Кыргыз жана орус тилдери” кафедрасы болуп биригип иш алып барууда.

Учурда кафедра үч багыттагы адистиктерди даярдайт:

1. Кыргыз тили жана адабияты 550300,
2. Орус тили жана адабияты 550300
3. Адабий кызматкер 570027.

Кафедрада 7 филология илимдеринин кандидаты, 3 педагогика илимдеринин кандидаты, 2 доцент, 4 доценттин милдетин аткаруучу, 3 ага окутуучу болуп, жалпы 14 окутуучу кызмат кылат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин стипендиясына,окумуштуу Г. С. Мамбеталиева атындагы стипендияга жетишкен студенттер бар.





Коомдун талабына ылайык даярдалып жаткан **“Адабий чыгармачылык”** адистиги иш алып барат. Келечек кесип ээлери Кыргызстандагы ММКтарында, облустук жана мамлекеттик теле берүүлөрдө ар тараптуу ишмердүүлүк жүргүзө алат.

**Кафедрага тиешелүү борборлор:** - Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, Эл мугалими Аман Сманбаев атындагы Кыргыз тили борбору 2023-жылдын 24-ноябрынан тартып ишке берилди. - Орус тили жана маданияты борбору 2023-жылдын декабрында Россотрудничествонун Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн колдоосу менен өз ишин баштаган. - Профессор Т. Токоев атындагы усулкана 2018-жылдын 14-мартында ачылган Окумуштуунун өздүк китепканасында 2000ге жакын илимий-теориялык жана көркөм адабияттар бар.

Чет тилдер кафедрасы үч багыттагы адистиктерди даярдайт:

1. Англис тили жана адабияты,
2. Немис тили жана адабияты,
3. Кытай тили жана адабияты.

Кафедрада 3 филология илимдеринин кандидаты, 1 педагогика илимдеринин кандидаты, 1 профессордун милдетин аткаруучу, 1 доцент, 2 доценттин милдетин аткаруучу, 3 ага окутуучу болуп жалпы 11 окутуучу даярдап келет.

**Англис тили жана адабияты.** Англис тилин окуп үйрөнүүдө маектешүүгө, маалымат алмашууга жана сабаттуу жазуу иштерин аткарууга толук мүмкүнчүлүк бар. “American corner” борборунда америкалык волонтер Кевин менен чогуу сабактар өтүлөт.

-**«Кытай тили» борбору.** Окуу аудиториялары жаңы технологиядагы жабдыктар: лингафондук кабинет,смарттелевизор,видеомагнитафон,аудио магнитафон жана компьтерлер интернет менен камсыздалган. Студенттердин эң жакшы ийгиликтерин колдоо ирээтинде Пекин, Үрүмчү шаарларына стажировкаларга баруу мүмкүнчүлүгү бар.

**«Немис тили» борбору.** Немис тили жана адабияты адистиги 2011-жылдын сентябрь айынан тартып студенттерди бюджеттик негизде кабыл ала баштаган. Англис тили жана немис тили адистигинин окутуучулары жана студенттери SUSI, Erasmus Mundus, DAAD программасы, Гете институту, Роберт Бош фондусу жана Германия мамлекетинин Кыргызстандагы элчилиги менен тыгыз кызматташып келишет. Аталган программалар боюнча студенттер чет мамлекеттерге барып, билимин өркүндөтүп келишүүдө. Мобилдүүлүк боюнча дагы студенттер коншу Казакстан мамлекетине барып билим алышат.

Факультет талапка жооп берген заманбап технологиялык жабдуулар менен камсыздалган. Окутуучулар республикалык жана эл аралык конференция, симпозиумдарга катышып, илимий иштери жыл сайын чыгарылуучу жыйнактарда басылууда.

- Нарын мамлекеттик университети Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Ош мамлекеттик университети, Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети ж.б. жогорку окуу жайлары менен түзүлгөн келишимдин негизинде студенттердин мобилдүүлүгү жүргүзүлүп турат.
- Германия, Кытай,Орусия, Казакстан жана Өзүбекстан мамлекеттеринин жогорку окуу жайларында да студенттик мобилдүүлүк жүргүзүлүүдө.

